**Изденүүчү Сагидаева Салтанат Ариповнанын “Кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөөнүн этаптары (40-80-жылдар)” деген темада 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына расмий оппоненттик**

# ПИКИР

Кыргыз профессионал жазма адабиятынын жаралуу, калыптануу жана бүгүнкү күнгө чейинки өсүп-өнүгүү тарыхын изилдөөгө арналган эмгектер кыргыз адабият таануу илиминде кыйла эле жазылса да, алар атайын системалуу түрдө иликтенип оң-терс жактарына баа берилбей келет. Анын үстүнө коомдук-тарыхый шарттардын өзгөрүүсү менен адабий-эстетикалык критерийлер да өзгөрдү, адабиятыбыздын тарыхына байланыштуу изилдөөнүн материалдарын кайрадан бүгүнкү күндүн көз-карашынан ар тараптуу изилдөөгө алуу, аларды концептуалдуу, системалуу иликтеп, обьективдүү баа берүү бүгүнкү күндүн зарылдыгы жана актуалдуу маселелеринин бири болуп эсептелет. Диссертанттын “Азыркы учурда коомдук тарыхый шарттардын өзгөрүүсү менен адабий-эстетикалык критерийлер да өзгөрдү. Ошондон улам адабияттын тарыхына байланыштуу жазылган эмгектерди кайрадан көздөн кечирип, бүгүнкү күндөгү адабият таануу илиминин жетишкендиктерин эске алуу менен аларды ар тараптан иликтөөгө алып, обьективдүү баа берүү учурдагы адабият илиминин актуалдуу маселеси болуп турат” деген оюна толук кошулууга болот.

Диссертация үч негизги баптан, киришүү, корутунду жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен туруп, 153 бетти түзөт. Киришүүдө изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу, эмгектин теориялык-методологиялык, идеялык-эстетикалык концепциясынын багыты, диссертациянын темасынын илимий мекемелер жүргүзүп жаткан ири илимий программалар, негизги илимий изилдөөчүлүк иштер менен байланышы, изилдөөнүн максаты, милдеттери белгиленген.

Диссертациянын “Проблеманын изилдениш тарыхы (адабияттарга обзор)” деп аталган биринчи бабында 20-30-жылдарда пайда болгон кыргыз профессионал адабиятынын жаралыш, калыптануу жана өнүгүү тарыхын изилдөөгө алган алгачкы макалалар анализге алынып, алар обзордук, көбүнчө үстүрт сыпаттама негизиндеги макалалар болгондугу белгиленген. А.Токомбаевдин “Туңгуч сьездге карата” ( 1934), Т.Үмөталиевдин “Кыргыз адабиятынын өсүшү” (1939), Ө.Жакишевдин “Кыргызстандын адабияты жана искусствосу” (1941) аттуу макалаларында алгачкы акын-жазуучуларыбыздын чыгармачылык ийгилик-кемчиликтери талдоого алынган. Кыргыз адабиятына болгон алгачкы илимий көз-караштар К.Рахматуллиндин “Кыргыз адабияты өсүүдө” (1936), “Кыргыз совет адабиятынын келип чыгышы” (1941) макалаларында чагылдырылып, кийин алар кыргыз

ИНСТИТУТ ЯЗЫКА И ЛИТЕРАТУРЫ ИМ. Ч. АЙТМАТОВА НАЦИОНАЛЬНОЙ АКАДЕМИИ НАУК КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
Вход. № 115/048
«15» декабрь 2020 г.

профессионал адабиятынын тарыхын жазууда, алгачкы илимий булак катары тарыхый-маданий мааниге ээ экендиги белгиленген. Булардан тышкары профессионал адабиятыбыздын тарыхына түздөн-түз тиешеси бар Ш.Үмөталиевдин, Б.Маленовдун, Б.Керимжанованын монографиялык мүнөздөгү макалаларына да токтолот. Диссертант бул аталган эмгектердин материалдарын ошол мезгилдеги мамлекеттик идеология менен тыгыз байланыштуу карап, баа берүүгө аракеттенет.

Диссертациянын экинчи бабы "XX кылымдын 40-50-жылдарындагы кыргыз профессионал адабиятынын тарыхын изилдөөдөгү алгачкы аракеттер" деп аталып, ал 2.1. "Обзордук, баяндамалык макалалардан очерктик изилдөөгө карай: улут адабиятынын тарыхын түзүүдөгү жетекке алынган алгачкы багыт жана методологиялык принциптер"; 2.2. "М.Богданова менен Б.Керимжанованын кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөөдөгү аракеттери" деп аталган параграфтардан турат. 2.1. бөлүмчөдө акын-жазуучуларыбыздын кыргыз адабиятынын жаралышынын алгачкы жылдарындагы адабий жаңылыктарды, ийгилик менен кемчиликтерди кыргыз журтчулугуна жеткирип, кеңири тааныштырууга аракет кылган сыпаттама мүнөзүндөгү макалалары талданып, кийинки изилдөөлөргө жер-пай болгон туңгуч маанилүү эмгектер катары талданат. Алгачкы обзордук, сыпаттама макалалардан кийин гана адабият таануу илимибизде алгачкы илимий очерктик мүнөздөгү эмгектердин жазылышы өнүгүүнүн табигый жолу экендиги тастыкталат. 1943-жылы автордук коллектив тарабынан даярдалган "Кыргыз адабиятынын очерктери" китебиндеги Калим Рахматуллин жазган жазма адабияттын тарыхына байланыштуу III бөлүм кеңири талдоого алынган. Жыйынтыгында "К.Рахматуллин адабияттын тарыхын проблемаларга карата бөлүү принцибин жетекке алган десек болот. Бөлүмдүн жазылыш деңгээли, көркөм чыгарма жазылган адабий анализдер, автордун профессионалдык даярдыгынын жеткилең экендигинен кабар берет" (автореферат, 11-бет) деп бүтүм чыгарылат.

Экинчи баптын экинчи параграфында М.Богданованын 1947-жылы Москвадан жарык көргөн "Киргизская литература" аттуу эмгеги жана Б.Керимжанованын 1951-жылы жарык көргөн "Кыргыз совет адабияты XXV жылда" аттуу эмгектери жөнүндө сөз болот. Диссертант бул эмгектерди кыргыз профессионал жазма адабиятынын тарыхындагы адабий фактылык маалыматтарды камтуу, жалпылоо, талдоо, изилдөө деңгээли боюнча өз мезгилинин талабына жооп берген алгачкы эмгектер катары ынанымдуу далилдеп берген.

Диссертациянын үчүнчү бабы "Кыргыз адабиятынын тарыхын илимий негизде изилдөөнүн 60-70-жылдардагы өнүгүшү: көп тармактуулук жана концептуалдуулук" деп аталып, ал төмөндөгүдөй эки параграфтан турат. 3.1. "60-70-жылдардагы адабий процести изилдөөдөгү оң-терс көрүнүштөр", 3.2. "Кыргыз адабиятынын тарыхынын окуу китептеринде берилиши" деген бөлүмчөлөрдөн турат. 60-70-жылдары тарыхты жазуу иши күрдөөлдүү колго

алынганын, бул жылдары окумуштуулардын билим деңгээли кадыресе жогорулоонун натыйжасында изилдөөлөр фундаменталдуу мүнөз алганын баса белиглейт. Буга мисал катары 1960-жылы жарык көргөн “Кыргыз совет адабиятынын тарыхынын очеркин” анализге алат. Мында кайсы бөлүм кимдер тарабынан канчалык деңгээлде объективдүү, илимий деңгээлде жазылгандыгына деталдуу токтолуп, диссертант аталган эмгектин мурдакылардан артыкчылыгы эмнеде экендигине кеңири талдоо жүргүзөт. Эмгектеги портреттик бөлүмдөрдүн ийгилик-кемчиликтери да кеңири сөзгө алынып, аларды жазган авторлордун көз-караш, пикирлерине айрым бир тактоолордун, толуктоолордун киргизилишин бул бөлүмдүн ийгилиги катары белгилөөгө болот.

Үчүнчү баптын экинчи параграфында негизги көңүл К.Артыкбаевдин ЖОЖдор үчүн жазылган “Кыргыз совет адабиятынын тарыхы” (1982) окуу китебине бурулган. Окуу китебин жазуудагы К.Артыкбаевдин толуктоолору, обзордук бөлүмдөрдү жана чыгармачылык портреттерди жайгаштырууда автор жетекке алган принциптер жана ушул китепке байланыштуу айтылган сын-пикирлер жөнүндө сөз болот. Бул окуу китебин талдоого алууда 1960-жылы чыккан “Кыргыз совет адабиятынын очерки”, 1970-жылы чыккан “История киргизской советской литературы” жана 1988-жылы чыккан К.Иманалиевдин “Кыргыз адабияты” окуу китептери менен салыштырылып талдоого алынат.

Диссертант Сагидаева Салтанат Ариповна “Кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөөнүн этаптары (40–80-жылдар)” деген аталыштагы кандидаттык диссертацияны жазууда тандалып алынган теманы, илимий проблеманы ачып берүү үчүн зарыл болгон адабий фактылык материалдар жана илимий теориялык адабияттарды кеңири өздөштүрүп, аталган проблема боюнча бир ички бүтүндүккө бириктирилген, системалаштырылган жыйынтыктарды берүүгө умтулган жана белгилүү даражада бул максат иш жүзүнө ийгиликтүү ашырылган.

Жогоруда белгиленип өткөн ийгиликтер менен катар С.А.Сагидаеванын диссертациясы айрым бир мүчүлүштөрдөн да куру эмес.

1. Диссертациянын главаларынын жазылышы бир кылка эмес. Иштин экинчи, үчүнчү главасы бир топ деңгээлде чыйрак жазылып, ал эми биринчи глава үстүрт, жеткилең эмес иштелгендей элес калтырат. Көлөмдүк жактан да өтө аз, тогуз гана беттен турат (11–19-беттер). Бул главада кыргыз адабиятынын тарыхын жазууда жана аларга илимий баа берүүдө улуттук адабиятыбыздын жазма адабий салты мурдатан калыптанып калган башка адабияттардан айырмалуу, тарыхый-маданий өзгөчөлүктөрү жана ушуга байланыштуу келип чыгуучу, эске алынуусу зарыл болгон теориялык-методологиялык маселелер дагы тереңирээк, кененирээк каралса болмок.

2. 3.1. – бөлүмчөдө 60-70-жылдардагы адабий процессти изилдөөдөгү оң-терс көрүнүштөр боюнча бир топ жүйөлүү, адилет айтылган сын-пикирлер, талдоолор менен катар китептер жарык көргөн мезгилди эске албай, же

айрым бир жеке факторлук көрүнүштөргө таянып, калпыс чыгарылган жыйынтыктар учурайт. Мисалы, 1960-жылы чыккан "Кыргыз совет адабиятынын тарыхынын очеркине" байланыштуу: "*... Ч.Айтматов, Н.Байтемиров, С.Эралиев, Б.Сарногоев ж.б. жаш жазуучулардын чыгармачылыктары боюнча кеңири кеп кылуу зарыл эле*" (Диссертациянын 86-бети, бул жылдар аталган акын, жазуучулардын чыгармачылыктарынын алгачкы этабы болуп, жаңыдан гана таанылып жаткан эле*); "Академиялык "Тарых"* (Илимдер академиясы тарабынан 1987, 1990-жылдары чыгарылган эки томдук жөнүндө) *өз милдетине жараша кенен илимий деңгээлде жазылган. К. Артыкбаевдин "Тарыхында" берилген ой-учугу андан ары уланат. Бирок, айтылуучу объект бир болгондонбу же башка да себептери барбы, айтор, айтылган ойлор кеңейтилип гана берилет. Баалуу кошумчалар же алымчалар деле байкалбайт"* (Диссертациянын 112-бети) *ж.б.*

3. Фактылык маалыматтарды тизмелөө менен чектелип калган айрым учурларда (мисалы, Корутундунун 1; 2; пункттары) аларды себеп-натыйжалык жыйынтыгын негиздеп берүүчү түшүндүрмөлөр, тарыхый, теориялык, методологиялык жоболор менен толуктоо зарылдыгы бардай туюлат.

Жогорудагы пикирлерибизди жыйынтыктай турган болсок, биз тарабынан айтылган айрым сын пикирлер диссертациянын жалпы мазмунуна, илимий-теориялык деңгээлине терс залакасын тийгизе албайт. Аларды диссертант кийинки изилдөөлөрүндө эске алышы керек.

Негизинен Сагидаева Салтанат Ариповнанын "Кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөөнүн этаптары (40-80-жылдар)" деген кандидаттык диссертациясы коюлган максат, милдеттерди илимий өңүттө ачып берген оригиналдуу эмгек.

Диссертациянын автореферата анын мазмунун толук чагылдырат.

Автордун жарыяланган макалалары тема боюнча жана ЖАКнын талаптарына толук жооп берет.

Диссертация ЖАКтын кандидаттык диссертацияларга коюлуучу талаптарына толук жооп берет деп эсептейм жана анын автору изденүүчү Сагидаева Салтанат Ариповна 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты илимий даражасын алууга татыктуу.

Расмий оппонент,
филология илимдеринин
доктору, доцент А.К. Кадырманбетова